309
310

309. М. Чолдаев „Сонам-байның шыкдан баштыр өлгөндөгү намжу“ – 10 бет
тамчырган К. Кунгушев
1990

310. К. Кунгушев „Удуу Монгуш“ – 34 бет
тамчырган К. Кунгушев
1990

ШАБДАН БААТЫР ӨЛГӨНДӨ САГЫМБАЙ МИНТИП КОШУПТУР:

/Айтуучу Калдаев Муса, 1930-жылы Кочкор районундагы Чон-Булак айылында туулган. Азыр Ысык-Көл шаарында Ысык-Көл көчөсүнүн №219 үйдө турат*, Бул кошокту 1989-жылдын февраль айынын [illegible] чегинде жазып алгам/.

Канат ажы, Токтосун
Кадырын билген жоктосун.
Кырк жигит Бектени
Кылыгы сизге жетбеди.
Баатыр ата падыша
Башынан чоңдук кетпеди.
Кочкордогуавыкты
Мамырбай, Тениз басынтты.
Кыргыз-казак тапбайт го
Падышам сиздей казыкты.
Саяктардан Сардалы
Дыйкандардан Мусабек /Түштүктөн/
Кейип калды баарысы
Баатыр атам турса деп.
Тийбейт беле пайдасы
Дубан, сиез курса деп.
Сейитаалы, Кебегөн /Кочкордон/
Баарын кыдыр жөлөгөн.
Калган эмес кадыры
Баатыр атам төрөдөн..

Итаяк ажы, Токторбай
Ичкени самоор кызыл чай.
Алып кетти ажыны
Жаратуучу бир кудай.
Тевекбай менен Кооманын
Артында сүрдү дооранын.
Кененбей эли Семиз-Бел
Баарысы бирдей ууру эл.
Арык тукум дейт экен
Арам малды жейт экен.

Баатыр атам падыша
Баарына болгон бийик бел.
Тон элинен чыгыптыр
Ысагалы бийик нар
Келбетине карасан
Жабдык салган кара нар.
Көралбаган көп душман.
Көл башында Батыркан
Көрөлбаган канча жан?
Көлдө жаткан бугудан
Ажы ата,
Чыгалбады сиздей жан.

Казак-кыргыз ортодон
Кан ата чыккан ортодон.
Атерек /отряд/ баштык болгондо
Анжиянга токтогон.
Канбалдар булоого
Канбаган адам булоого..
Кан болуп турган кезинде
Карыптын уулу Байтиктиктин
Кармаган атын ылоого /почтого/.

Эсенкул,тынай кармашкан
Эптеп тамга салам деп
Кер кулунду талашкан.
Тынайдан атам чыкканда
Эсенкул кайдан жанашкан?

Кыйылды чынар багыбыз.
Кыйрады алтын тагыбыз.
Кыямат кеткен атама
Кызмат кылар чагыбыз.
Чын өчтү биздин багыбыз.
Чын дүйнө кетти каныбыз.
Чын~~а~~ атаман ажырап
Чыдады кантип жаныбыз?

Баатыр атам надара падыша
Бийикке чыккан чынары.
Казак-кыргыз тобунун
Ак-карасын ылгаары.
Ак жеринен күйгүзгөн
Акзымдарын жыгары.

Эки кемин жерибиз
Эки облус элибиз.
Эп келтирип сүйлөсө
Кыя белдей пейлиниз.
Атрад баштык болгондо
Улуктан алган чениңиз.
Касташып жүргөн душманга
Тооткун кылар кимибиз?
Арманын айтып ыйлады
Артында Мамыт инициз.

Баатыр атам барында
Жедик шекер-шербетти.
Тагындык шуру,бертетти.
Кыялданып жүрчү элек.
Кылыксынып күлчү элек.
Кызыл суусар түлкүнү
Кышын-жайын кийчү элек.

Жетелетип жесириңи
Жез буйлалуу нарчаны
Дубанга кийгиздиң
Тубар менен барчаны.

Оңтойуна келгенде
Облусту сурадың.
О дүйнө кеткен ажы атам,
Ойуна кетти арманың.
Ордого кеткен бир уулуң
Озунуп сурап албадың.

Макеш деген уулу отуз миң койлуу ногойду өлтүрүп Ташкендеги

Баатыр атам падыша
Бийикке чыккан чынары.
Казак-кыргыз тобунун
Ак-карасын ылгаары.
Ак жеринен күйгүзгөн
Караларын жыгары,
Баатыр атам өткөндө
Сегиз жашар бала ыйлап
Сексендеги чал ыйлап
Кашкарлыктар каныйлап
Казак,кыргыз зар ыйлап
Самоор толгон аш болгон
Сарт,ногойго баш болгон
Санжыргалуу Калый бай
Сакалы ылдый жаш болгон...

Баатыр атам барында
Жедик шекер,шербетти.
Тагындык шуру,берметти.
Кыялданып жүрчү элек.
Кылыгы менен күлчү элек.
Кызыл суусар түлкүнү
Кышын-жайын кийчү элек.
Жетелетим жесирин
Жез буйлалуу барчаны
Д убанга кийгиздин
Тубар менен барчаны.

Жылыга келген жандырар /жандермерия/
Конгуроосу кангырар.
Тосуп чыккан болуштар
Эми сөз айталбай жалдыраар...